ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*30-октябрь, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 27 мүчөсү бар.

*Күн тартиби:*
1. 2018-2019-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер
*(Баяндамачы: МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуев );*
2. МИТ факультетинин бакалавриат багыттарын жана магистрдик программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландарын бекитүү (иш план, жумушчу топ, өздүк отчеттор, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б.) *(Баяндамачылар: программа жетекчилери);*
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 10-20 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**

**Угулду:** факультеттин деканы, доцент Сопуев У.А. тарабынан 2018-2019-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча жалпы маалымат берилди (отчет тикелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Матиева Г. (алгебра жана геомерия кафедрасынын профессору):* Жылдык отчет болуп жаткандыктан отчетту канаатандыраарлык деп баалаймын. Менин сунушум студенттерге тарбиялык сааттарды өтүү керек. Себеби биз тарбиялык сааттарды өтүү менен бирге студенттерге бир нече компетенцияларды калыптандырабыз.

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, доцент Сопуев У.А. билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.
Окумуштуулар Кеңеши бир добуштан колдошту.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2018-2019-окуу жылы үчүн берилген доцент Сопуевдин билдирүүсү эске алынсын;
2. Жогоруда белгиленген кемчиликтерди жоюу тиешелүү кафедра башчыларына жана структура жетекчилерине жүктөлсүн;
3. Модулдардын жана жыйынтык текшерүүчүлөрдүн жыйынтыгын анализдөө жана иш аракеттерди аткаруу тиешелүү орун басарларга жүктөлсүн;
4. Факультеттин ички жана сырткы мобилдүүлүгүн күчөтүү эл аралык байланыштар боюнча орун басары Г.А. Шамшиевага жана кураторлорго жүктөлсүн;
5. Студенттердин өз алдынча милдетин уюштуруу күчөтүлсүн;
6. Практикаларды эффективдүү өткөрүү жана уюштуруу үчүн факультеттин практика боюнча жооптуусу Айтбай кызы Айгүлгө жүктөлсүн;
7. Жогорудагы чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө декан жана орун басарына жүктөсүн.
8. Факультеттин багыттарына жараша окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу күчөтүлсүн;
9. Студенттерди ар түрдүү багыттагы олимпиадаларга даярдоо жагы тиешелүү окутуучуларга жүктөлсүн;
10. Магистрдик программа боюнча магистрлерди кабыл алуу, санын көбөйтүү жагы ар бир программа жетекчисине жүктөлсүн;
11. Кураторлук сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө.

**2-маселе**

**Угулду:** факультеттин деканынын окуу иштери боюнча орун басары, доцент Кудуев А.Ж. тарабынан МИТ факультетинин бакалавриат багыттарын жана магистрдик программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландарын бекитүү (иш план, жумушчу топ, өздүк отчеттор, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б.) боюнча билдирүүсү угулду.

**3-маселе**

**Ар түрдүү маселелер:**

1) МИТ факультетинин математикалык анализ кафедрасынын 1-курсунун аспиранттары Г. Момбекованын, Г. Садыкованын, Н. Абдирайимованын, 2-курсунун аспиранттары М. Орозовдун, З. Сулаймановдун, Г. Омаралиеванын, МИОТ жана ББМ кафедрасынын 1-курсунун аспиранттары К. Сооранбаеванын, Э. Авазованын, 2-курстарынын аспиранттары А. Абдукаимованын, Э. Ажиматованын, жана АжГ кафедрасынын 1-курсунун аспиранты Арап кызы Таттыбүбүнүн 2018-2019-окуу жылы үчүн илимий отчетторун кароо.

**Угулду:** Сопуев У.А. (*факультеттин деканы, доцент*): бул маселелер тиешелүү кафедралардын кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Бардык тиешелүү документтер отчетторунда тиркелген. Аспираттар илимий-изилдөө иштери боюнча ар бири өзүнчө кыска баяндамаларды жасашкан.

Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. Аспиранттар Г. Момбекованын, Г. Садыкованын, Н. Абдирайимованын, М. Орозовдун, З. Сулаймановдун, Г. Омаралиеванын, К. Сооранбаеванын, Э. Авазованын, А. Абдукаимованын, Э. Ажиматованын жана Арап кызы Таттыбүбүнүн 2018-2019-окуу жылы үчүн илимий отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.

2. Аспиранттар Г. Момбекова, Г. Садыкова, Н. Абдирайимова, М. Орозов, З. Сулайманов, Г. Омаралиева, К. Сооранбаева, Э. Авазова, А. Абдукаимова, Э. Ажиматова жана Арап кызы Таттыбүбү аттестациядан өттү деп эсептелинсин.

2) ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин информатика кафедрасынын профессору, физика-математика илимдеринин доктору Турсунов Дилмурат Абдиллажановичти Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйлоого сунуш кылуу жөнүндө

**Угулду:** Сопуев У.А. (*факультеттин деканы, доцент*): информатика кафедрасынан кафедранын профессору, ф.-м.и.д. Турсунов Дилмурат Абдиллажановичти Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйлоого көрсөтүү сунушу түштү. Д.А. Турсунов ОшМУда 2001-жылдан бери иштейт. 144 илимий макаласы, 5 монографиясы (бир монография Германиядан, бир монография Болгариянын илимдер академиясынын басылмасынан), кыргыз тилинде 5, орус тилинде 3 окуу-колдонмосу жарыкка чыккан. Мындан сырткары 3 патенттин соавтору. Д.А. Турсуновдун РИНЦтеги Хирша боюнча индекси 5 ке барабар. Акыркы 5 жылдын ичинде РИНЦте 35, Web of Science – 13, жана Scopus базасындагы журналдарда 8 илимий макала жарыкка чыгарды. Бир нече эл аралык жана республикалык илимий конференцияларда доклады менен катышып келүүдө. Д.А. Турсунов жетекчилиги астында доценти У.З. Эркебаев 2016- жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп дипломун алды. 2017-ж. ноябрь айында ОшМУда болуп өткөн “Мыкты монография” конкурсунда К. Алымкулов жана Д.А. Турсуновтордун “Perturbed differential equations with singularly points” аттуу монографиясы биринчи даражалуу диплом менен, ал эми “Мыкты окуу колдонмо” конкурсунда Д.А. Турсуновдун “Сандар теориясы Maple чөйрөсүдө” аттуу окуу колдонмосу экинчи даражалуу диплом менен сыйланды. 2018-жылы Узбекистан республикасынын Ургенч шаарында болуп өткөн математика боюнча Эл аралык олимпиадада Ош МУнун 4 студенттине жетекчи болуп барып, бир коло медал (3-орун), бир диплом (4-орун) жана эки сертификат (олимпиадага активдуу катышты) алып келишти. Д.А. Турсуновтун көп жылдык үзүрлүү эмгегин эске алып, аталган сыйлыкка толук татыктуу деп эсептейм. Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. Ош МУнун профессору, Турсунов Дилмурат Абдиллажановичти Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйлоого сунуш кылынсын.
2. Бул сунушту колдоо жана бекитип берүү жагы Ош мамлекеттик университетинин жетекчилигинен суралсын.

3) ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын улук окутуучусу С.Т. Тажикбаеванын Ош мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы менен сыйлоого сунуш кылуу жөнүндө

**Угулду**: Сопуев У.А. (*факультеттин деканы, доцент*): математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын улук окутуучусу С.Т. Тажикбаеванын Ош мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы менен сыйлоого көрсөтүү сунушу түштү. Тажикбаева Санайым Тойгонбаевна бүгүнкү күнгө чейин инженер-экономист, окутуучу, улук окутуучу кызматтарында иштеп келе жатат. Азыркы учурда программалоо кафедрасынын улук окутуучусу, кафедранын илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө, илимий иштерге катышууда алгылыктуу адистердин бири катарында кызмат кылып келет. Кафедранын илимий иштерине чоң салымын кошуп келет. С. Тажикбаева 2018-2019-окуу жылында илим-жумалыгына карата студентин даярдап 3-орунду алышты. Көптөгөн окуу колдонмо китептерин иштеп чыгып окурмандарга сунуштап келүүдө. Ушул сыяктуу салымдарын эске алуу менен С. Тажикбаеваны аталган сыйлыкка татыктуу деп эсептейм жана сунуштаймын. Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын улук окутуучусу С.Т. Тажикбаеванын Ош мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы менен сыйлоого сунуш кылынсын.
2. Бул сунушту колдоо жана бекитип берүү жагы Ош мамлекеттик университетинин жетекчилигинен суралсын.

4) ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын окутуучусу А. Абдурасуловду Ош мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы менен сыйлоого сунуш кылуу жөнүндө

**Угулду**: Сопуев У.А. (*факультеттин деканы, доцент*): А. Абдирасулов инженер прогаммист, окутуучу, кызматтарында иштеп жатат. Азыркы учурда программалоо кафедрасынын окутуучусу, факультеттеги жаңы информациялык технологияларды окутуп үйрөтүүдө, студенттерди олимпиадаларга катыштырууда алгылыктуу адистердин бири катарында кызмат кылып жатат. Н.Аркабаев менен биргеликте шаардык, регионалдык жана республикалык масштабдагы олимпиадаларда чоң салымын кошуп келет. А.Абдирасуловду программалоо боюнча мыкты адис катары жакшы билебиз. Өткөн лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактары да жогорку деңгээлде. Өзүнүн үстүнөн да талыкпастан эмгектенип келет. Ушул сыяктуу салымдарын эске алуу менен А. Абдирасулов аталган сыйлыкка татыктуу деп эсептейм жана сунуштаймын. Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын окутуучусу А. Абдирасуловдун Ош мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы менен сыйлоого сунуш кылынсын.
2. Бул сунушту колдоо жана бекитип берүү жагы Ош мамлекеттик университетинин жетекчилигинен суралсын.

5) 2019-2020-окуу жылында өтүлүүчү «ОшМУнун мыкты илимий эмгек» конкурсуна илимий эмгектерди сунуштоо жөнүндө

**Угулду**: Сопуев У.А. (*факультеттин деканы, доцент*): 2019-2020-окуу жылында өтүлүүчү «ОшМУнун мыкты илимий эмгек конкурсуна» катышуу үчүн төмөнкү илимий эмгектер келип түшкөн:

1) Матанализ кафедрасынын проф., ф.-м.и.д. С.К. Каримов тарабынан даярдалган "Равномерное приближение решения сингулярно возмущенной задачи в особо критическом случае" аттуу монографиясы "Мыкты монография" конкурсуна катышуу үчүн;
2) Ф.-м.и.к., доцент К.Г. Кожобеков жана информатика кафедрасынын проф., ф.-м.и.д Д.А. Турсуновдун "Асимптотика решения сингулярно возмущенных обыкновенных дифференциальных уравнений с точками поворота" аттуу монографиясы "Мыкты монография" конкурсуна катышуу үчүн;
3) Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор А. Сопуев жана С. Бабаев Замирбек М. Бекмаматовдор тарабынан даярдалган «Growth Poles of the Global Economy: Emergence, Changes and Future Perspectives» аттуу китебине жарыяланган "Revisiting the Mixed Problem for Equations of Compound and Hyperbolic Types of Order Four" аттуу макаласын "Мыкты илимий макала" конкурсуна катышуу үчүн;
4) Информатика кафедрасынын доценти, п.и.к. Д.И. Зулпукарова жана окутуучу Н.Т. Сманова тарабынан даярдалган "Лабораторные работы по информатике" аттуу окуу колдонмосу "Мыкты окуу-усулдук колдонмо" конкурсуна катышуу үчүн;
5) Программалоо кафедрасынын доценти, ф.м.и. к. Н.К. Аркабаев жана проф. П.С. Панков тарабынан даярдалган "Информатика боюнча олимпиада маселелер жыйнагы" аттуу окуу колдонмосу "Мыкты окуу-усулдук колдонмо" конкурсуна катышуу үчүн;
6) Программалоо кафедрасынын доценти, ф.м.и. к. Н.К. Аркабаев жана И.Б. Кошмурзаев тарабынан даярдалган "Решение олимпиадных задач по информатике "аттуу окуу колдонмосу "Мыкты окуу-усулдук колдонмо" конкурсуна катышуу үчүн.

Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1) Матанализ кафедрасынын проф., ф.-м.и.д. С.К. Каримов тарабынан даярдалган "Равномерное приближение решения сингулярно возмущенной задачи в особо критическом случае" аттуу монографиясы "Мыкты монография" конкурсуна катышууга сунушталсын;
2) Ф.-м.и.к., доцент К.Г. Кожобеков жана информатика кафедрасынын проф., ф.-м.и.д Д.А. Турсуновдун "Асимптотика решения сингулярно возмущенных обыкновенных

дифференциальных уравнений с точками поворота” аттуу монографиясы “Мыкты монография” конкурсуна катышууга сунушталсын;

3) Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор А. Сопуев жана С. Бабаев Замирбек М. Бекмаматовдор тарабынан даярдалган «Growth Poles of the Global Economy: Emergence, Changes and Future Perspectives» аттуу китебине жарыяланган “Revisiting the Mixed Problem for Equations of Compound and Hyperbolic Types of Order Four” аттуу макаласын “Мыкты илимий макала” конкурсуна катышууга сунушталсын;
4) Информатика кафедрасынын доценти, п.и.к. Д.И. Зулпукарова жана окутуучу Н.Т. Сманова тарабынан даярдалган “Лабораторные работы по информатике” аттуу окуу колдонмосу “Мыкты окуу-усулдук колдонмо” конкурсуна катышууга сунушталсын;
5) Программалоо кафедрасынын доценти, ф.м.и. к. Н.К. Аркабаев жана проф. П.С. Панков тарабынан даярдаоган “Информатика боюнча олимпиада маселелер жыйнагы” аттуу окуу колдонмосу “Мыкты окуу-усулдук колдонмо” конкурсуна катышууга сунушталсын;
6) Программалоо кафедрасынын доценти, ф.м.и. к. Н.К. Аркабаев жана И.Б. Кошмурзаев тарабынан даярдалган “Решение олимпиадных задач по информатике “аттуу окуу колдонмосу “Мыкты окуу-усулдук колдонмо” конкурсуна катышууга сунушталсын.

6) ОшМУнун МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн магистрдик программаларына ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 22-майындагы №7 жыйынын чечиминдеги жана ОшМУнун ректорунун 2017-жылдын 23-майындагы №475 буйругундагы тектеш адистиктердин тизмесине толуктоо маселесин кароо

**Угулду:** Сопуев У.А. *(факультеттин деканы, доцент):* МИТ факультетинин программалоо, информатика жана ИТАС кафедраларынын башчыларынын билдирүүлөрүнүн негизинде магистратура бөлүмүнүн тиешелүү магистрдик программаларына текшеш адистиктердин тизмесин толуктоо маселесин карап чыгуу менен төмөнкү тектеш адистиктер менен толукталды.

| МИТ факультетинин магистрдик программалары | Тектеш адистиктер |
|---|---|
| **710100.** Информатика жана эсептөө техникасы (Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы; информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары). | 1.Бизнес-информатика,<br>2.Транспорттук жараяндардын технологиясы. |
| **510200.** Колдонмо математика жана информатика. | |
| **710200.** Информациялык системалар жана технологиялар (Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар). | 1.Бизнес-информатика,<br>2.Транспорттук жараяндардын технологиясы,<br>3. Экономика,<br>4. Менеджмент. |
| **710300.** Колдонмо информатика (тармактарда). | |

Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. ОшМУнун МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн магистрдик программаларына ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 22-майындагы №7 жыйынын чечиминдеги жана ОшМУнун ректорунун 2017-жылдын 23-майындагы №475 буйругундагы тектеш адистиктердин тизмесине толуктоо максатында таблицада көрсөтүлгөн багыттардан тиешелүү түрдө бакалавр жана специалитет боюнча адистердин бүтүрүүчүлөрүн кабыл алуу сунуш кылынсын.
2. Бул сунушту колдоо жана бекитип берүү жагы Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

7) М.Ш. Мамаюсуповду "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими" наамы менен сыйлоого көрсөтүү жөнүндө.

**Угулду:** Сопуев У.А. *(факультеттин деканы, доцент):* М. Ш. Мамаюсупов Кыргыз Республикасынын мамлекеттик максатуу программасында катталган (№ 0007191, 12.04.16) "Орто мектептерде жана ЖОЖдордо математиканы чөйрө таануу жана кесиптерди өздөштүрүү каражаты катарында окутуунун илимий негиздерине карата окуу китептерин түзүү" илимий багытын жетектеп, көлөмдүү 8 окуу китебинин, 1 илимий популярдык китептин, 1 илимий монографиянын автору жана авторлошу, 36 дан ашык илимий жана илимий – усулдук макалалары жарыяланган. Жеке демилгеси менен кыргыз тилиндеги окуу китептердин акысыз www.okuma.kg - электрондук китепканасын уюштуруп, "Аймактарды өнүктүрүү" жылында (2018) "Сорос Кыргызстан" фондунун "Ачык билим берүү ресурстары" программасынын каржылоосу менен электрондук китепкананын базасын кеңейтип, окуу китептердин санын 1 миңге чейин жеткизген. Натыйжада акыркы эки жылда электрондук китепканага 3 млн. 458 миң 93 төн ашык окуучу - студенттердин кирүүлөрү катталган. Ал эми электрондук китепканага эркин окууга, көчүрүп алууга коюлган өзүнүн окуу китептери болсо, 25 миң 210 дон ашык окуучулар менен студенттердин назарынан өткөн. Ошондуктан жогорку математика кафедрасынын профессорунун м.а. М. Ш. Мамаюсуповдун факультетибиз менен Ош МУнун чегинде гана эмес, бүтүндөй Республикабыздын билим берүү процессин уюштурууга кошкон салымы менен катар, 2019 - "Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү" жылындагы милдеттерди аткарууга жигердүү катышкандыгы үчүн "Кыргыз республикасынын Эмгек сиңирген мугалими" наамын ыйгарууга сунуштоо маселесин талкууга коем.

*Жогорку математика кафедрасынын башчысы, доцент Кедейбаева Д.:*
М. Ш. Мамаюсупов биздин кафедранын профессорунун милдетин аткаруу менен катар, кафедранын окутуучулук курамына өзү жетектеген илимий тема боюнча насаатчы болуп эсептелет. М. Ш. Мамаюсупов жазган математика боюнча томдуктарда математика сабагы эсеп сабагы катарында эмес, кесиптерди таануу тили катарында түшүндүрүлүп, кесиптерди математикалык тилде жазылган моделдер аркылуу өздөштүрүү усулу иштелип чыккандыгын И.Арабаев атындагы КМУнун, Манас университетинин белгилүү окумуштууларынын шериктеш иштеп келе жаткандыгы айгинелеп турат. Ошондуктан анын окуу китептери студенттер үчүн жөнөкөй, түшүнүктүү тилде жазылып, математикалык эрежелерди

формалдуу жаттоого эмес, болочоктогу кесиптерин өздөштүрүүдө математикалык тилди колдоно билүүгө машыктырат. Экинчи жактан агайдын окуу китептери сатууга коюлбастан, акысыз окууга жана көчүрүп алууга ылайыкташып электрондук китепканага коюлганы китептердин окурмандарга жетүүсүнө шарт түзүп, коомчулук тарабынан бааланып келет. Мен Сиздерден М.Ш. Мамаюсуповдун көп жылдык илимий-педагогикалык эмгеги менен Ош МУнун окутуп тарбиялоо иштерине кошуп келген салымын эске алып, аны “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамын ыйгарууга карата сунушту колдоого чакырам.

*МИТ факультетинин профсоюз уюмунун төрагасы Акматов А.:*
Мен математикалык анализ курсун окуткан окутуучу катары М.Ш. Мамаюсуповдун “Жогорку математика боюнча окума” аттуу 1 - 5 томдуктары студенттер менен окутуучулардын алмашкыс окуу куралдары болуп калганына күбө болуп келем. Бул пикирди бир гана мен эмес, башка жогорку жана орто окуу жайлардын окутуучулары да айтып келишет. Ошондуктан мен жогоруда сүйлөгөндөрдүн пикирине кошулуп М.Ш. Мамаюсуповду “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамын ыйгарууга карата сунушту колдоймун.

Кыргыз ИАсынын мүчө-корреспонденти, ф.-м.и.д. Алымкулов К. А.:
М.Ш. Мамаюсуповдун “Жогорку математика боюнча окума” аттуу 1 - 5 томдуктарын ЖОЖдордун профессор-окутуучулар курамы да кеңири колдонуп келишет, айрыкча жогорку математика боюнча “Окуу-методикалык комплекстерди” түзүүдө, аттестациялык документтерди даярдоодо аларга шилтеме жасап жүрөбүз. Ошондуктан мен да жогоруда сүйлөгөндөрдүн пикирин колдойм.

*ИТАС кафедрасынын доценти Беделова Н. С.:* М.Ш.Мамаюсуповдун электрондук окуу китептери кыргыз тилинде математика боюнча кандидаттык минимум деңгээлин камтыган жалгыз окуулуктар болгондуктан, биз адистик боюнча кандидаттык минимум экзаменине “Жогорку математика боюнча окума” аттуу 1 - 5 томдуктары боюнча даярданып, кандидаттык экзаменди ийгиликтүү тапшырганбыз. Ошондуктан агайдын кыргыз билим берүүсүнө салымы чоң деп эсептеп, “Кыргыз республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамын ыйгарууга карата сунушту колдоймун.

*Программалоо кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.д., профессор Сопуев А.:* Мен өзүм жетекчилердин бири болгон “Эл баасы”- көз карандысыз аккредитациялык агенттиги аркылуу бир катар жогорку жана атайын орто окуу жайларды аккредитациядан өткөрүүдө М.Ш. Мамаюсуповдун окуу китептери негизги адабият катарында көрсөтүлүп, ал уюштурган www.okuma.kg - электрондук китепканасы негизги интернет ресурс катары белгиленгенине күбө болдум. Демек, анын жогорку жана атайын орто окуу жайлардын окутуп-тарбиялоо иштерин уюштурууда окумуштуу-педагог катары салымы чоң, ошондуктан М. Ш. Мамаюсуповду “Кыргыз республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамын ыйгарууга карата сунушту колдоймун.

*Информатика кафедрасынын доценти Зулпукарова Д.:* Ош МУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин эмгек жамаатынын атынан М. Ш. Мамаюсуповду “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамын ыйгарууга карата сунушту колдоймун.

Кеңешменин төрагасы МИТ факультетинин деканы ф.-м.и.к, доцент Сопуев У.А.
Математика жана информациялык технологиялар факультетинин эмгек жамаатынын атынан М. Ш.Мамаюсуповду “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамын ыйгарууга карата сунушту жактырууну добушка койду.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. М. Ш. Мамаюсуповду “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамы менен сыйлоого көрсөтүү жөнүндөгү сунуш жактырылсын.
2. Ош мамлекеттик университетин ректоратынан жогорку математика кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу М. Ш. Мамаюсуповду “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” наамы менен сыйлоого көрсөтүүнү жактыруу жана бул сунушту ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде кароо жагы суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.